**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**

№2/2024, 132-140

***МЕДИЦИНА***

**УДК: 37.013.32+614.888**
**DOI:** 10.52754/16948610_2024_2_14

# ПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТТАГЫ АДИСТИКТЕРДЕ ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДЕ БИРИНЧИ ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

ФОРМИРОВАНИЕ НАВЫКОВ ОКАЗАНИЯ ПЕРВОЙ ПОМОЩИ У СТУДЕНТОВ, ОБУЧАЮЩИХСЯ НА ПЕДАГОГИЧЕСКИХ СПЕЦИАЛЬНОСТЯХ

FORMATION OF FIRST AID SKILLS IN STUDENTS STUDYING IN PEDAGOGICAL SPECIALTIES

**Перханова Ыхвал Араповна**
*Перханова Ыхвал Араповна*
*Perhanova Yhval Arapovna*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior Lecturer, Osh State University*
yperhanova57@gmail.com

---

**Жусупбаев Нурбек Амангельдиевич**
*Жусупбаев Нурбек Амангельдиевич*
*Zhusupbaev Nurbek Amangtldievich*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
zhusupnaevn@gmail.com

# ПЕДАГОГИКАЛЫК БАГЫТТАГЫ АДИСТИКТЕРДЕ ОКУГАН СТУДЕНТТЕРДЕ БИРИНЧИ ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ КӨНДҮМДӨРҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**Аннотация**

Макалада болочок педагогдор арасында биринчи жардам көрсөтүүнүн маанилүүлүгү жана зарылчылыгы каралып, аны көрсөтүү этаптары, аракеттердин ырааттуулугу жана алардын ар биринин маанилүүлүгү аныкталат. Ар бир адамдын биринчи жардам көрсөтүү боюнча билимге жана көндүмгө ээ болуу маанилүүлүгүнө басым жасалат.

***Ачкыч сөздөр:*** сергек жашоо, жаракат, биринчи медициналык жардам, кырсык, экстремалдык жана өзгөчө кырдаал.

## *ФОРМИРОВАНИЕ НАВЫКОВ ОКАЗАНИЯ ПЕРВОЙ ПОМОЩИ У СТУДЕНТОВ, ОБУЧАЮЩИХСЯ НА ПЕДАГОГИЧЕСКИХ СПЕЦИАЛЬНОСТЯХ*

**Аннотация**

В статье рассматривается важность и необходимость оказания первой помощи будущим учителям, определяются этапы ее оказания, последовательность действий и значение каждого из них. Особое внимание уделяется важности наличия у каждого человека знаний и навыков оказания первой помощи.

***Ключевые слова:*** здоровый образ жизни, травмы, первая помощь, несчастные случаи, экстремальные и чрезвычайные ситуации.

## *FORMATION OF FIRST AID SKILLS IN STUDENTS STUDYING IN PEDAGOGICAL SPECIALTIES*

**Abstract**

The article examines the importance and necessity of providing first aid to future teachers, defines the stages of its provision, the sequence of actions and the significance of each of them. Special attention is paid to the importance of each person having first aid knowledge and skills.

***Keywords:*** healthy living, trauma, first aid, accident, extreme and emergency.

**Киришүү жана актуалдуулук**

Азыркы учурда табигый, техногендик жана социалдык мүнөздөгү ар кандай өзгөчө кырдаалдардын көбөйүшүнө байланыштуу, көп сандагы адамдар каза болуп, жабыркап жаткандыктан, жабыркагандарга биринчи медициналык жардам көрсөтүүнүн кечиктирилгис зарылдыгы келип чыгууда. Анткени биринчи медициналык жардам өзгөчө кырдаалдарда адамдын өмүрүн жана ден соолугун сактоодо маанилүү фактор болуп саналат. Ошондуктан, калктын ар кандай контингенттерин биринчи жардам көрсөтүүгө окутуу маселесине учурда чоң көңүл бурулууда. Айрыкча бул маселе боюнча билим берүү системасына чоң жоопкерчилик жүктөлөт, анткени ар бир адам жаш курагына карабастан биринчи медициналык жардам көрсөтө билиши керек. Буга байланыштуу мектептик өмүр коопсуздугу курсунда өзгөчө орун белгиленип, окуучуларды жабыркагандарга биринчи жардам көрсөтүүгө даярдоого жетиштүү убакыт бөлүнгөн (Попова Р.И. жана Силакова О.В., 2014; Мамажакып уулу жб., 2022).

Жаракаттар калктын убактылуу эмгекке жарамсыздыгына, майып болушуна же өлүмүнө алып келет, бул демографиялык коопсуздукка түздөн-түз коркунуч келтирет.

Жаракат алуулардын структурасында алдыңкы оруидарды дененин бүтүндөй катмарынын ар кандай түрдөгү жараттары, күйүктөр, сөөктөрдүн сынуулары, муундардын чыгып кетүүлөрү жана урунуулар, көздүн жаракаттары ээлейт (Смирнова Т.П. жана башкалар, 2021).

Статистикалык маалыматтарга таянсак, өлкөнүн калкынын арасында травматизмдин жогорку деңгээлинен улам, саламатчылык көйгөйлөрүнүн жана өлүмдүн коркунучун азайтуу үчүн жаракат алган учурда биринчи жардам көрсөтүүнү үйрөтүү зарылчылыгы келип чыгат (Перханова Ы.А. жана Мамажакып у Ч., 2017).

Жалпы калк арасында айрыкча, болочок адис ээлери, студенттер арасында кырсык болгон учурда биринчи жардам көрсөтүү эрежелерин калыптандыруу ар кандай коомдук деңгээлдердеги уюмдардан баштап, мамлекеттик айрым уюмдардын, биринчи кезекте билим берүү мекемелеринин жаракаттарды алдын алуу программасынын ажырагыс бөлүгү болууга тийиш (Абрамова С.В. Ягубцева Ю.С., 2019).

Ошентип, жогорку кесиптик жана орто жалпы билим берүүнүн мамлекеттик негизги билим берүү стандарттарына ылайык, студенттер (окуучулар) жабыр тарткандарга биринчи жардам көрсөтүү жөндөмүн өнүктүрүүгө тийиш болгон окутуунун натыйжаларына талаптар коюлат. Мамлекеттик билим берүү талаптарынын негизинде стандарттарга ылайык, билим берүү уюмдары жаракат алган учурда биринчи жардам көрсөтүү боюнча билимдерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга тийиш (Дежурный Л.И. жана башкалар, 2018).

Билим берүү мекемелерде, уюмдарда биринчи медициналык жардам көрсөтүү эрежелерин окутуу процессинде “Жашоо-тиричилик коопсуздугунун негиздери” предметин окуткан мугалимдин орду жана ролу өтө маанилүү. Бул предметти окуткан мугалим үзгүлтүксүз класстык сааттарда, сабактан тышкаркы убакта иштөөдө, ошондой эле «Сергек жашоо образы жана медициналык билимдердин негиздери» бөлүмүн окуганда, түрдүү экстремалдык жана өзгөчө кырдаалдардын кесепетинен жабыркагандарга биринчи жардам көрсөтүү боюнча студенттерде туруктуу билимдерди жана көндүмдөрдү калыптандырууга жөндөмдүү.

***Изилдөөнүн максаты.*** Педагогикалык багытта окуган студенттер арасында биринчи жардам көрсөтүү боюнча практикалык көндүмдөрдү, шыкты калыптандыруу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана алардын тынчтык мезгилиндеги өзгөчө кырдаалдарда, биринчи жардам көрсөтүүгө даярдыгын жогорулатуу.

1-маселе. Педагогика, психология жана дене тарбия факультеттеринин педагогикалык профилдеги студенттеринин арасында биринчи медициналык жардам көрсөтүү маселелериндеги көйгөйлөрдү аныктоо үчүн анкетирлөөнү өткөрүү.

2-маселе. Көргөзмөлүүлүк принцибине таянып педагогикалык багыттагы адистиктерде окуган студенттерден контролдук жана эксперименталдык тайпаларды аныктап биринчи жардам көрсөтүү шыгын (көндүмдөрүн) калыптандыруудагы техникалык каражаттарды колдонуу менен сабак өтүүнүн жыйынтыктарын анализдөө.

Кафедрага бекитилген “Жашоо-тиричилик коопсуздугу” предметинин практикалык сабактарын өтүүдө керектелүүчү колдонмо куралдар жетиштүү. Кафедра сөөктөрдүн сынуусунда иммобилизация үчүн керектүү шак-шактар (Дитерихс, тепкич шак-шагы), резина буугуч (турникет), жараат тангыч бинттер, моюн омурткасын бекитүү үчүн жака, оорулууну ташуу үчүн кайыш, замбил жана өпкө-жүрөк реанимация комплекси үчүн манекен ж.б. каражаттар менен камсыздалган.

***Изилдөө объектиси.*** Педагогика, психология жана дене тарбия факультеттеринин экинчи жана үчүнчү курс студенттери

***Изилдөө материалдары жана ыкмалары.*** Педагогика, психология жана дене тарбия факультеттеринин 2, 3-курс студенттери арасында биринчи жардам көрсөтүү боюнча баштапкы билимдерин аныктоо максатында сурамжылоо жана тестирлөө жүргүзүлдү. Бул сурамжылоого 90 студент катышты.

Ошондой эле көйгөйлүү маселелерди аныктоо үчүн жогоруда аталган факультеттин студенттерине алдын ала даярдалган анкетанын жардамы менен гугл форманы колдонуп тестирлөө өткөрүлдү.

**1. Көз алдыңызда унаа өтмөктөн жөө жүргүнчүнү уруп кетти. Сиздин биринчи аракетиниз?**

а) мен айланамды карайм
б) окуя болгон жерге чуркап барам
в) тез жардамга телефон чалам
г) башкаларды жардамга чакырам

**2. Артериялык кан агууда моюнга кан токтотуучу буугуч (турникет) коюуга болобу?**

а) эч кандай шартта, ал олуттуу зыян алып келиши мүмкүн эмес
б) мүмкүн, эгер сиз аны өтө катуу тартпай койсонуз
в) бул мүмкүн, бирок кадыктын үстүндө же астында гана
г) эгерде буугучту жараатка карама-каршы колтуктун астынан өткөрсөңүз болот

**3. Жабыркаган адамдан алкоголь ичимдигинин жыты сезилсе, ага биринчи жардам көрсөтүү керекпи?**

а) биринчи жардам эч нерсеге карабай көрсөтүлүшү керек
б) жок, алар кырдаалды жөнгө салуу үчүн тез жардам жана полиция чакыруу керек
в) өзүңүздүн коопсуздугуңузду эске алуу менен көрсөтүү зарыл
г) мүмкүн эмес, сиз жабыркаган адам эсине келгенге чейин күтүшүңүз керек

**4. Эгерде жаракат алган адамга кокустан өтүп бараткан жолоочу таблетка берсе, эмне кылат элениз?**

а) ал дарыны ичирүү үчүн жабыркаган адамга бир стакан же бөтөлкө суу берем

б) мен жаракат алган адамдын таблетка ичүүсүнө жол бербөөгө аракет кылам

в) мен жолоочу сунуштаган таблетка ылайыктуубу же орунсузбу билгенге аракеттенем

г) жаракат алган адамга керектүү дарыларды өзүм берем

**5. Жаракат алган адамдын дем алуусун текшерүүнүн эң так жана эң оңой жолу кайсы?**

а) кулагынызды мурунга жакындатып дем алуусун угуу, көз кыры менен көкүрөктүн кыймылын кароо, жаагыныз менен дем чыгарууну сезүү

б) жабырлануучунун оозуна жана мурдуна кагаз, кебез, күзгү коюп текшерүү

в) жылмакай бети бар ар кандай объектти колдонуу

г) текшерүүнүн эң оңой жана эң так жолу – уйку артериясын кармап көрүү


**Изилдөө предмети.** Биринчи жардам (алгачкы жардам)- кырсыкка дуушар болгон адамдын өмүрүн сактап калууга, оор кабылдоолорду алдын алууга жана жабыркатуучу факторлордун таасирин азайтууга же токтотууга багытталган жөнөкөй, бирок тез жүргүзүлүүчү чаралар комплекси. Аны жабыркаган адам өзү же жанындагылар, санитарлар, медициналык кызматкерлер жана башкалар жүргүзөт.

КР «Жарандык коргонуу жөнүндө» мыйзамында ар бир жаран биринчи медициналык жардам көрсөтүү эрежелерин окуп-үйрөнүүгө милдеттүү деп жазылган. Ошондуктан ар бир адам медициналык билиминин бар же жоктугуна карабастан медициналык биринчи жардам көрсөтө алууну билүүсү зарыл. Биринчи жардам көрсөтүүнүн эффективдүүлүгү аны канчалык тез арада көрсөтүлгөндүгүнөн көз каранды болот.

Студенттер, окуучулардан тартып чоң кишилерге чейин өзүнө жана өз ара жардам берүү ыкмаларын үйрөтүү чоң мааниге ээ.

***Сурамжылоо өткөрүү.*** Педагогикалык багыттагы адистиктерде окуган студенттерде биринчи жардам көрсөтүү шыгын (көндүмдөрүн) калыптандыруу максатында “Жашоо-тиричилик коопсуздугунун негиздери” предметин окуткан учурда персоналдык компьютер, интерактивдүү доска, окуу видеотасмалары сыяктуу техникалык окуу куралдарын колдонуу жакшы жыйынтыкты берет. Ал эми кээ бир темаларды студенттерге түшүндүрүү үчүн атайын симуляторлорду колдонуу максатка ылайыктуу. «Дем алуу жана жүрөк токтогондо биринчи жардам» бөлүмүн окуп жатканда, жүрөк-өпкө реанимациясын практикалоо үчүн манекен симулятору колдонулат. Ошондой эле, курсту окутууда травматология жана травма тренажерлорунун комплекси, бүктөлүүчү шак-шактар, кан токтотуучу турникеттер (буугуч) жана жараат таңуу каражаттары сыяктуу окуу куралдары болушу зарыл.


Педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө “Биринчи медициналык жардамдын негиздери” курсун студенттерге окутууда жана алган билимдерин аныктоо үчүн жүргүзүлгөн тестирлөөдө, аныктоочу жана калыптандыруучу тайпаларында өз-өзүнчө сурамжылоо жүргүзүлүп жашоонун коопсуздугу предмети боюнча окуу процессинде биринчи жардам көрсөтүү шыгын (көндүмдөрүн) калыптандыруу студенттердин ички мотивациясынын деңгээлинин динамикасын изилдедик. Эксперименттин этаптарында контролдук жана эксперименталдык тайпалардагы студенттердин арасында биринчи медициналык жардамдын негиздери боюнча билим берүү маалыматынын мазмунун өздөштүрүү деңгээлинин өзгөрүү динамикасы 1-сүрөттө көрсөтүлгөн.





1-Сүрөт. Студенттердин биринчи медициналык жардамдын негиздери боюнча билим берүү мазмунун өздөштүрүү деңгээлинин өзгөрүү динамикасы

Баштапкы сурамжылоодо тайпадагы төмөнкү көрсөткүчтү көрсөткөн студенттердин пайызы 5- 12% ды , ал эми орточо көрсөткүчтү көрсөткөндөр 25-40% түздү. Ошол эле мезгилде биринчи медициналык жардамдын негиздери боюнча окутуудан кийинки алардын өздөштүрүү деңгээлинин динамикасы 32-66% пайызга чейин жогорулады. Алынган жыйынтыктар медициналык биринчи жардамдын негиздери боюнча билим берүүчү маалыматты өздөштүрүү деңгээлине техникалык көргөзмөлүүлүктү колдонуунун курсту өздөштүрүү көрсөткүчүнө оң таасирин берери даана көрүнүп турат.


Алынган жыйынтыктар эксперименталдык тайпалардын студенттеринин дисциплинаны окутканга чейинки контролдук тайпанын студенттеринин өздөштүрүүсүнө салыштырмалуу бир топ жогору экенин көрсөтүп турат, бул көргөзмөлүүлүктүн студенттерде көндүмдөрдү калыптандырууга, оң таасирин тийгизерин билдирет.












2-Сүрөт.

2-сүрөттө көрсөтүлгөн диаграммаларга ылайык  бул курсуту окуп үйрөнөт  элем дегендердин проценттик катышы дээрлик 90%ды түздү.

Ошондой эле  гугл форманы колдонуу менен жүргүзүлгөн сурамжылоодо биринчи медициналык жардам курсун окутуунун негизги көйгөйлүү маселеси деп студенттердин 82,6% туруктуу көндүмдөрүн калыптандырууга тоскоолдук кылуучу фактор катары сабактардын практикалык компонентинин жетишсиздигин жана тайпада 20дан ашык студент болгондуктан

практикалык машыгууга 1-академиялык саат (45 мүнөт) ичинде убакыт жетишсиздигин белгилешкен.

**Корутунду**

Изилдөөнүн негизинде төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

1. Студенттерде биринчи медициналык жардам курсу боюнча көндүмдөрдү калыптандыруунун негизги ыкмаларынын бири – көрсөтмөлүүлүк ыкмасы экендигин сурамжылоонун жыйынтыгы далилдеди. Сабак учурунда практикалык көнүгүүлөрдү аткаруу техникалык каражаттарды колдонуу максатка ылайыктуу, б.а. биринчи жардам көрсөтүү көндүмдөрүн калыптандырууда көмөкчү каражаттарды, мисалы, техникалык окуу куралдарын, түрдүү тренажерлорду, компьютерлерди, интерактивдүү панелдерди, видео роликтерди ж.б. колдонуу зарыл. Мындай инструменттер студенттерге биринчи жардам көрсөтүүнү практика жүзүндө көрүүгө жана жогорку деңгээлде предметти өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.
2. Биринчи медициналык жардам курсу практикалык сабактарда техникалык окуу куралдарын колдонуу көндүмдөрдү калыптандырууга оң таасирин тийгизет, атап айтканда, кийин көндүмгө айлана турган билимдерди калыптандыруунун көрсөткүчтөрү жогорулады, мисалы, *(1) көз алдыңызда унаа өтмөктөн жөө жүргүнчүнү уруп кеткен учурдагы сиздин биринчи аракетиниз* деген суроого студенттердин туура жообу 6 эсеге, (2) *артериялык кан агууда моюнга кан токтотуучу буугуч (турникет) коюуга болобу* деген суроого туура жооп берген студенттердин саны 2,08 эсеге, *(3) жабыркаган адамдан алкоголь ичимдигинин жыты сезилсе, ага биринчи жардам көрсөтүү керекпи* деген суроого туура жооп берген студенттердин саны 5,43 эсеге, *(4) эгерде жаракат алган адамга кокустан өтүп бараткан жолоочу таблетка берсе, эмне кылат элениз,* деген суроого студенттердин туура жообу 4,17 эсеге жана *(5) жаракат алган адамдын дем алуусун текшерүүнүн эң так жана эң оңой жолу кайсы,* деген суроого туура студенттердин жообу 1,68 эсеге жогорулаган.
3. 2- сүрөттөгү сурамжылоонун негизинде түзүлгөн диаграммаларда көрсөтүлгөндөй "Медициналык биринчи жардамды Кыргызстандык бардык жаран билиши керек,-" деген суроого сурамжылоого катышкан студенттердин 100% ооба деген жооп берсе, "Биринчи жардамды көрсөтүүнүн сапатын кантип жакшыртууга болот",- деген суроого кошумча окутуу керек дегендердин проценттик катышы 60% дан жогору болду. Ал эми "Биринчи жардам боюнча кошумча окутуу уюштурулса окуп-үйрөнөт белеңер",-деген суроого сурамжылоого катышкан студенттердин 90% дан көпчүлүгү ооба деген жооп беришкен.
4. Окуу процессинде көргөзмө окуу куралдарын пайдалануу, төмөнкү изилденүүчү көрсөткүчтөрдүн динамикасына оң таасирин тийгизди: ички мотивациясынын деңгээли төмөн студенттердин саны 20%га кыскарды, орто билимдүү студенттердин саны жана ички мотивациянын жогорку деңгээли тиешелүүлүгүнө жараша 23,4% га, билим сапаты 37,6% га өстү.

**Адабияттар**


1. Попова Р.И., Силакова О.В. Студенттер менен класстан тышкаркы иштерди уюштурууга жашоонун коопсуздугу боюнча педагогикалык билим берүү магистрлеринин усулдук даярдыгы // Аалам илим, маданият, билим, 2014. - № 5. - С. 63-66.
2. Перханова Ы.А., Мамажакып у Ч., алгачкы медициналык жардам// окуу куралы, Ош 2017.
3. Л.И.Дежурный, Ю.С.Шойгу, С.А.Гуменюк, Г.В.Неудахин, А.Ю.Закурдаева, А.А.Колодкин, О.Л.Куров, Л.Ю.Кичанова, А.Ю.Закурдаева, А.А.Эмке//Первая помощ: учебное пособие для лиц, обязанных и (или) имеющих право оказывать первую помощь.М: ФГБУ "ЦНИИОИЗ" Минздрава России, 2018
4. Организация оказания медицинской помощи пострадавщим при дорожно-транспортных происшествиях в Ошской области кр / Ч. Мамажакып Уулу, Н. А. Жусупбаев, Р. М. Маматова, Н. Ж. Эрмекбаев // Вестник Ошского государственного университета. – 2022. – № 4. – С. 14-19. – DOI: 10.52754/16947452_2022_4_14. – EDN: IDAVRL.
5. Смирнова Т.П., Кострюкова Н.В., Елизарьев А.Н// Оказание первой помощи в чрезвычайных ситуациях: практикум [Электронный ресурс] / Уфимск.гос.авиац.техн.ун-т.- Уфа: УГАТУ, 2021.
6. С. В. Абрамова, Ю. С. Ягубцева: Оказание первой помощи пострадавшим при чрезвычайных ситуациях. Учебно-методическое пособие / Южно-Сахалинск. СахГУ, 2019